Мектеп дирекциясы окуучулардын ата-энелеринин жоопкерчилигин көтөрүү максатында түзүлгөн

# КЕЛИШИМ.

Мен Кадырова Гулназая (ата-энесинин Ф.А.А.) № 16 К. Рахманов атындагы орто мектебинин 7 б класста окуган Анурбаева Гулиза (окуучунун Ф.А.А.)

Уулумдун, кызымдын келечеги үчүн төмөндөгү мектептин ата-энелерге койгон талаптарын аткарууга милдеттенем.

1. Уулум, кызым Гулиза сабакка мектеп формасында *( галстук )* менен таза, тыкан кийинтип жөнөтөм.
2. Окуу куралдары *( китеп, дептерлерин )* жадыбал боюнча алып келүүсүнө жана таза кармоо жагын көзөмөлдөйм.
3. Сабактан 3 күн калса жана себепсиз бир жума калтырса ата-энесине мектеп жетекчилери тарабынан эскертилет, андан жыйынтык чыкпаса, баланы милициянын **«Жаш өспүрүмдөр инспекциясына»** учетко катталат.
4. Сабакка кечиктирбей өз убагында жөнөтөмүн жана мугалимдин айткандарын так аткарам.
5. Мектепте окуучунун эрежесин так сактоого мектептин парта, стол, стул, окуу материялдык жабдууларын, айнек эшиктерди сындырбоого тарбиялайм. Эгер сындырган болсо сынган буюмду ордундай кылып төлөп берем.
6. Жол эрежесин, техникалык коопсуздукту жана өрт коопсуздугун сактоого, транспорттук машиналарды айдоого, жолдо жүргөн транспортко асылбоого, ар түрдүү кырсыктан этият болууга теңи-теңтуштары менен урушпоого үйрөтөмүн.
7. Кокустан болгон ар кандай кырсыкка ата-эне иретинде жооптумун.
8. Туулган күн, майрамдык кечелерди уюштуруп бербеймин.
9. Сабактан кийинки убакта болгон тартип бузуулар үчүн өзүм жооп беремин.
10. Кечинде **20 $^{00}$ дөн** кийин баламды же кызымды көчөгө чыгарбаймын.
11. Балдарыма оор жумуштарды жүктөбөйм жана **«Балдар укуктары жөнүндөгү конвенция»** менен тааныштым жана аны аткарамын.
12. Балдардын үй тапшырмасын дайыма көзөмөлдөйм.
13. Биринчи сменада **саат 8 $^{00}$ дөн 14 $^{00}$ чейин**, сабака келген окуучуларды мектеп көзөмөлдөйт. Мектептен тышкаркы убакытта ата-эне катары өзүм көзөмөлдөйм.
14. Эгерде балдар мектепке келбей калып, бир кокустук иш болсо, ага мектеп жооп бербейт ата-эне катары керт башым менен жооп берем.
15. **9-класс жана 11-класстын** бүтүрүүчүлөрдүн орто билими жана негизги билими тууралуу документтерди алганга чейин майрамдык кечелерди уюштуруп бербейм.
16. Мектепке баламды телефон көтөрүп жөнөтпөйм, алтын шакек, сөйкө билерик тактырбаймын, эгер балам мектепке телефон көтөрүп келсе мектеп админсрациясы тарабынан алынып коюлат, 25-майдан кийин ата-эненин түшүнүк кат жазуусу менен кайтарылып берилет.
17. Рекетчиликтин алдын алууда жана бөгөт коюга мектеп админстрациясы менен чогуу иш алып барууга жардам беремин.
18. Жогорку чыңалуудагы электр зымдарынан алыс болуусун эскертип коопсуздугуна өзүм жооп беремин.

**Мектеп директору:** М. Токтобаев (колу) **Ата-энеси:** Г. Кадырова (колу)

**М.О.**

**Класс жетекчиси:** Н. Самиева (колу) **Окуучу:** Г. Анурбаева (колу)

**«10» 09 2022-жыл.**